Арбалам

Башкасын конулго албай
Баратсам бактыма карай
Жолумдан мен сени кордум
Жароокер жамалын айдай

Караймын карегим албай
Байланып сага калгандай
Журогум от болуп барат
Издегенимди тапкандай

Арбаламым көздөрүңө
Аруулугуң тартат өзуңө
Арзуум күчөп, күндөн күнгө
Ашыгамын сени сүйүүгө.

Алыстасаң жанымдан
Дароо мен сагынам
Алоолоп күйүп жанам
Жакындасаң жаныма
Сага мен тартылам
Анда да күйүп жанам

Айлуу түн кирсе да шаарга
Бардыгы уктап жатса да
Биз экөөбүз тан атканча
Сырдашабыз ырдаганча

Ай жылдыз баркын билүүгө,
Түн керек билсең күнүгө
Бакыттын кадыры жаным
Жаралсын биздин сүйүүдө

Кошуналар эмне десе, десин
Биздин суйуу тундо кучойт дейсин
Аларга конул бурба, сезимдер толкуп турса

Автор: Манас Нажимидинов, Тимур Салиев